MAKTABGACHA VA MAKTAB TA'LIM VAZIRLIGI

MARKAZI

## 2023-2024-ОКУУ ЖЫЛЫНДА ЖАЛПЫ БИЛИМ БЕРҮҮЧҮ МЕКТЕПТЕРДИН 9-КЛАСС ОКУУЧУЛАРЫ ҮЧҮН

# Кыргыз тили жана адабияты

## ПРЕДМЕТИНЕН ЖЫЙЫНТЫКТООЧУ АТТЕСТАЦИЯСЫН ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА МЕТОДИКАЛЫК СУНУШ ЖАНА МАТЕРИАЛДАР



**2023-2024-окуу жылында жалпы билим берүүчү орто мектептердин 9-класс окуучуларынын кыргыз тили жана адабият предметинен жыйынтыктоочу аттестация спецификациясы**

9-классы бүтүргөн окуучулар кыргыз тили жана адабияты предметинен билим берүү программасы боюнча стандарттар негизинде белгиленген компетенцияларга ээ болушат.

Окуучулардын алган билим, көндүм жана кваликацияларын аныктоо максатында 2023-2024-окуу жылында 9-класстарда жыйынтыктоочу экзамен жазма түрүндө өтөрүлөт.

Ар бир экзамен билетинин суроо жана тапшырмалары кыргыз тили жана адабияты предмети боюнча мектептердин 7-8-9-класстар аралыгындагы темалар киритилген. Ошондой эле мында билимге тиешелүү суроолор, колдонууга жана талкуулоого ылайыкташтырылган тапшырмалар боюнча баалоо критерийлери киритилген.

Окуучуларга сунушталган база суроолорунан түзүлгөн 2 билет берилет. Билетте окуучуга 5 тен ( 3 суроо кыргыз тилинен, 2 суроо адабияттан) суроо берилет. Суроолордун 2 сү ( 1 суроо кыргыз тилинен, 1 суроо адабияттан) билүүгө, 2сү (1 суроо кыргыз тилинен, 1 суроо адабияттан) колдонууга, 1суроо (кыргыз тилинен) талкуулоого тиешелүү болот.Билет суроолоруна жооп бериши үчүн жалпы 30 мүнөт убакыт берилет.

Окуучулардын жазма иштери кыргыз тили предметинен ар бири үчүн 100 баллдык система негизинде:

30–65% – “орто”;

66–85% – “жакшы”;

86–100% – “эң жакшы” баа сыяктуу бааланат. Ар бир тапшырма үчүн белгиленген баллдан жогору балл коюлушуна жол коюлбайт.

# 9-КЛАСС ОКУУЧУЛАРЫНЫН КЫРГЫЗ ТИЛИ ЖАНА АДАБИЯТЫНАН ЖЫЙЫНТЫКТООЧУ АТТЕСТАЦИЯ СПЕЦИФИКАЦИЯСЫ

| **Кыргыз тили жана адабияты** | **Саны** | **Билүү** | **Колдоо** | **Талкуулоо** | **Толук жооп** |
|---|---|---|---|---|---|
| «Манас» эпосунун идеялык-тематикалык мазмуну.<br>Текстте архаизмдер жана көп маанилүү сөздөрдүн колдонулушу. | 5 | 2 | 2 | 1 | |
| Аалы Токомбаевдин «Жараланган жүрөк» повестини идеялык-тематикалык мазмуну.<br>Уңгу жана мүчө.Сөз жасоочу жана сөз өзгөртүүчү мүчөлөрдүн айырмасы жана жалпылыктары. | 5 | 2 | 2 | 1 | |
| Ч.Айтматовдун «Саманчынын жолу» повести.<br>Маани берүүчү сөз түркүмдөрү боюнча морфологиялык талдоо жүргүзүү, текст менен иштөө. | 5 | 2 | 2 | 1 | |
| Алыкул Осмоновдун философиялык ырлары.<br>Татаал сүйлөмдөр жана алардын тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөрдү байланыштыруучу каражаттар. | 5 | 2 | 2 | 1 | |
| Пиримкул Кадировдун «Жаш Бабурдун такка отурушу»үзүндүсү боюнча.<br>Сүйлөм мүчөлөрү.Баш жана айкындоочу мүчөлөр. | 5 | 2 | 2 | 1 | |

## ТАПШЫРМАЛАР БОЮНЧА БААЛОО КРИТЕРИЙЛЕРИ

| № | Билүүгө керек болгон көндүмдөр | | Тапшырма түрү | Тапшырма формасы | Баалоо критерийлери |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | |
| 1 | Текст кайсы чыгармадан алынгандыгы, жанры жана идеясын аныктай алуу; | В | Жазма | Жазма | Текст кайсы чыгармадан алынгандыгы, жанры жана идеясын толук , күндөлүк турмуштан мисалдар келтирүү менен салыштырып, жогору даражада түшүндүрүп берсе; **16-18 балл**<br>Текст кайсы чыгармадан алынгандыгы, жанры жана идеясын толук , күндөлүк турмуштан мисалдар келтирүү менен сезилүүчү даражада түшүндүрүп берсе; **13-15 балл**<br>Текст кайсы чыгармадан алынгандыгы, жанры жана идеясы жөнүндө орто даражада айтып бере алса; **8-11 балл**<br>Текст кайсы чыгармадан алынгандыгы, идеясы жөнүндө кээ бир деталдарды бере алса; **1-7 балл**<br>Окуучу жогоруда сүрөттөлгөн кандайдыр бир стандартка жетише албаса; **0 балл** |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 2 | Текстте берилген грамматикалык тапшырмаларды эреже негизинде аткара алуу | B | Жазма | Жазма | Текстте берилген грамматикалык тапшырмаларды эреже негизинде жогору даражада аткара алса;<br>**16-18 балл**<br>Текстте берилген грамматикалык тапшырмаларды эреже негизинде сезилүүчү даражада аткара алса;<br>**13-15 балл**<br>Текстте берилген грамматикалык тапшырмаларды эреже негизинде орто даражада аткара алса;<br>**8-11 балл**<br>Текстте берилген грамматикалык тапшырмаларды эреже негизинде минимал даражада аткара алса;<br>**1-7 балл**<br>Окуучу жогоруда сүрөттөлгөн кандайдыр бир стандартка жетише албаса;<br>**0 балл** |
| 3,4 | Берилген тапшырмага жогору даражада өз пикиринен келип чыгып, күндөлүк турмуштан мисалдар келтирүү менен түшүндүрүп бере алуу | Q | Жазма | Жазма | Берилген тапшырмага жогору даражада өз пикиринен келип чыгып, күндөлүк турмуштан мисалдар келтирүү менен түшүндүрүп берсе;**18-21 балл**<br>Берилген тапшырмага өз пикиринен келип чыгып, сезилүүчү талап даражасында түшүнчө берсе; |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | **14-17 балл**<br>Берилген тапшырмага орто даражада түшүнчө берсе;<br>**9-13 балл**<br>Берилген тапшырмага кээ бир деталдар менен минимал даражада түшүнчө берсе;<br>**1-8 балл**<br>Окуучу жогоруда сүрөттөлгөн кандайдыр бир стандартка жетише албаса;<br>**0 балл** |
| 5 | Берилген тапшырмага жогору даражада креатив жандашуу, терең талкуулоо жүргүзүп, бүгүнкү күн менен байланыштыруу менен мисалдар келтире алуу | М | Жазма | Жазма | Берилген тапшырмага жогору даражада креатив жандашуу, терең талкуулоо жүргүзүп, бүгүнкү күн менен байланыштыруу менен мисалдар келтирип бере алса;<br>**19-22 балл**<br>Берилген тапшырмага сезилүүчү даражада креатив жандашуу, терең талкуулоо жүргүзүп, бүгүнкү күн менен байланыштыруу менен мисалдар келтирип бере алса;<br>**15-18 балл**<br>Берилген тапшырмага орто даражада креатив жандашуу, терең талкуулоо жүргүзүп, бүгүнкү күн менен байланыштыруу менен мисалдар келтирип бере алса; |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | **10-14 балл**<br>Берилген тапшырмага минимал даражада жандашып, бир аз мисалдар елтирип бере алса;<br>**1-9 балл**<br>Окуучу жогоруда сүрөттөлгөн кандайдыр бир стандартка жетише албаса;<br>**0 балл** |

## I ВАРИАНТ

Өңү кула, кара жал –
Өзгөчө сонун бу бир мал.
Чаткаягы чаткалдай,
Жүрүп берсе чатына
Жүктүү төө баткандай,
Куюшкандын кошконго
Он бир карыш казанды
Ойноп-күлүп аскандай,
Бороондуу күнү суук өтпөс,
Жаандуу күнү суу өтпөс,
Чыйырчык алтын, чымчык көз,
Торгой көзү жабырап,
Тоок көзү шыбырап,
Машанын огу батпаган,
Чиркейдин мурду өтпөгөн.
Алыскы-жуук айныбас,
Ыраакты, жакын ылгабас,
Ортосу болот, оозу албарс,
Түтүнү туман, түбү Ыспан,
Кароолу тажаал, огу ажал.
Камыш кыйып каптаган,
Тарамышка чаптаган,
Темирин сегиз кырдаган,
Он эки түрдөп сырдаган,
Бөрү тил мизин чыгарган,
Учун ууга сугарган,
Шамалга тийсе ырдаган,

Тийген жери ырбаган.
(93 сөз)

**Тапшырмалар:**

1.Ушул текст кайсы чыгармадан алынган? Чыгарманын аты жана тексттин мазмуну эмне жөнүндө экендигин аныктагыла. **(Билүү)**

2.Чыгармадан алынган үзүндүдөгү архаизм сөздөрдү тапкыла жана алардын лексикалык маанилерин аныктагыла.**(Билүү)**

3.Бул үзүндүдө тексттин мазмунуна карай эмнеге карата айтылып жаткандыгын аныктагыла.(жаныбарбы, буюмбу же кийимби) **(Талкуулоо)**

4.Тексттен көп маанилүү сөздөрдү аныктагыла.Көп маанилүү сөздөрдүн башка маанилери боюнча мисалдар келтиргиле. (*кара деген сөз)* **(Колдоо)**

5.Кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгы канча топко бөлүнөт? Алардын ар бирине мисалдар келтиргиле жана алардын үлгүлөрүнөн жатка айтып бергиле. **(Колдоо)**

**II вариант**

**-**Аке, айланайын аке! Бирдемеңиз бар бекен? – деди алсыз аял. Бектурган Жайдары бурулду да:

– Бар. Бар, балам. Бери кел, – деди. Эски бөз курдун ортосундагы эки түйүнчөктүн бирин чечип, он чакты чий боорсоктун тең жарымын бере койду. Аял аны оозуна бир эле салды. Бирок тиштенген эмедей кыбыратып чайнап ширесин чыгарды да, сөөмөйү менен баласына жедире баштады.

–Кайсы элсиң, балам?

–Бугу болобуз, аке, Теңир жалгасын.

–Мен сарыбагышмын, балам. Колумдан келгени ушул. Текей терип жейли да, бир жакка жылалы. Ушул боорсокту кечээ Бөкөнчүнүкүнөн алдык эле,

– деп чал бир аз кобураган болду.

–Мен бүгүн ошондо болдум. Ити балтырымды жулуп салды. Катыны тепкилеп чыгарды. Адамды кудай шылдың кылып жараткан экен, аке. Ал ит тарткан балтырындагы салбыраган этин кармап, көзүнүн жашын төктү.(115 сөз)

**Тапшырмалар:**

1.Ушул текст кайсы жазуучунун чыгармасынан алынган? Чыгарманын аты жана анын негизги идеялык-тематикалык мазмунунун аныктагыла. Чыгармада кайсы жылдардагы окуялар сүрөттөлгөн? **(Билүү)**

2.Текстти окуп, төмөнкү таблица боюнча сөздөрдү жайгаштыргыла**.(Колдонуу)**

| Уңгу түрүндөгү сөздөр | Сөз өзгөртүүчү мүчө уланган сөздөр | Сөз жасоочу мүчө уланган сөздөр |
|---|---|---|
| | | |

3.Чыгармадагы Бектурган ким?  Тексттен анын  адамгерчилигин, боорукердигин  чагылдырган  сүйлөмдөрдү аныктагыла.  **(Колдонуу)**
4.Тексттен ажыратылып берилген сөздөрдөгү мүчөнүн түрлөрүн аныктагыла. **(Билүү)**
*алсыз, түйүнчөктүн, баласына, оозуна, тиштенген, көзүнүн;*
5. Итке таланган аялдын аты ким? Анын кийинки тагдыры эмне болду? **(Талкуулоо)**

## III вариант

***.Жол катары жабалактаган жумшак кар жаап турду. Ошол кар апапак болуп Алимандын жоолугуна, маңдай чачына, жакасына күрпөңдөлө жыйналып, анын жылтылдаган капкара көздөрүн, нурланта тамылжыган кызылдуу жүзүн ого бетер сулуу көрсөттү, көрктөп келе жатты.*** Анан калса, барар-барганча оозу бир тынсачы келинимдин. Биринчи жолу тойго бара жаткан баладай, аны-муну эркелеп сүйлөп: «Мугалим бала поездден түшкөндө, сен унчукпай тур, эне. Мени тааныр бекен, – деп эле анан туруп, –  жок, эне, мен артынан барып, мугалим баланын көзүн басып калайын, кантер экен, ой бул ким өзү деп, чочуп кетер бекен!» – деп күлүп жатты. Ай, Алиманымай, ай келинимай, сенчелик күйөөсүн сүйгөн аял болду бекен? Мени билбейт деп келе жаттыбы, өзү деле сырын акыры алдырып койбодубу.(110 сөз)

### Тапшырмалар:

1.Берилген текст кайсы чыгармадан алынган?  Чыгарманын, негизги идеялык- тематикалык мазмунун аныктагыла**.  (Билүү)**
2.Текстте ажыратылып көрсөтүлгөн  бөлүгүндө кызматчы сөз түркүмдөрүнүн кайсы түрлөрү катышкан? **(Билүү)**
3. *«Мугалим бала поездден түшкөндө, сен унчукпай тур, эне. Мени таанып бекен, – деп эле анан туруп, – жок, эне, мен артынан барып, мугалим баланын көзүн басып калайын, кантер экен, ой бул ким өзү деп, чочуп кетер бекен!»* деп чыгармада  сүйлөгөн каарманга мүнөздөмө бергиле.Чыгарманын аягында анын тагдыры кандай болду? **(Колдоо)**
4.Текстте ажыратылып   берилген бөлүгүндөгү сүйлөмгө морфологиялык жана синтаксистик талдоо жүргүзгүлө**. (Колдоо)**
А).Морфологиялык талдоо:______________________________________

| **Маани берүүчү сөз түркүмдөрү** | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| **Зат атооч** | **Сын атооч** | **Сан атооч** | **Ат атооч** | **Этиш** | **Тактооч** |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | |

| Өзгөчө сөз түркүмдөрү | | Кызматчы сөз түркүмдөрү | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| **Сырдык сөз** | **Тууранды сөз** | **Жандооч** | **Байламта** | **Бөлүкчө** | **Жандооч** |
| | | | | | |

б). Синтаксистик талдоо: ___________________________________

5. Текстте чыгармадагы кайсы эпизод сүрөттөлгөн? Чыгармадагы каармандар эмне максатта жол тартышты? (**Талкуулоо)**

## IV вариант

***Мен өзүмдү үй сыртынан тыңшасам,***
***Күрс-күрс эткен оор жөтөл үн чыгат...***
Бүткөн экен кайран өмүр, кайран жан...
Деп жалооруп көңүлүм шондо бир сынат.

Мен өзүмдү бир көчөдөн карасам,
Баскан өңдүү алсыз, арык сөлөкөт..
Албуут бала, эми болуп араң жан,
Айыкпас дарт болгон өңдүү өнөкөт.

Мен өзүмдү уктаганда карасам,
Күлүмсүрөп керилген бир шер жатат.
Бул акыйкат жазмышына жарашкан,
Тагдырына рахмат айткан азамат.

Билген билер, билбегенге не чара,
Менсинген жаш муну кимден кем көрөт?
Кең пейилдүү, ачык колдуу бечара,
Кыйын жашап жакшы жазган өңдөнөт.

Мен өзүмдү бир кылымдан карасам,
Тээ алыстан чаң ызгыткан шаң чыгат.
Өлбөстүктүн өжөр эркин талашкан,
Эрдигинен эчен тирүү жан чыгат.

**Тапшырмалар:**

1.Ушул текст кайсы чыгармадан алынган? Чыгарманын аты жана идеялык - тематикалык мазмунун аныктагыла. **(Билүү)**

2.Тексттен төмөнкү таблица боюнча татаал сүйлөмдү түрлөргө ажыраткыла. **(Билүү)**

| **Тең байланыштагы татаал сүйлөм** | **Багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөм** |
|---|---|
| | |

3. Бул ыр текстинен акындын жекече турмушуна байланыштуу кандай нерселерди байкадыңар? Акындын турмушу кандай кечкен эле? **(Колдоо)**

4.Тексттеги ажыратылып берилген татаал сүйлөмдүн түрүн аныктап, анын тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөрдүн түрү жана байланышуу жолдорун айтып бергиле. **(Колдоо).**

5. *«Мен өзүмдү бир кылымдан карасам,*
*Тээ алыстан чаң ызгыткан шаң чыгат.*
*Өлбөстүктүн өжөр эркин талашкан,*
*Эрдигинен эчен тирүү жан чыгат.»*

Акын бул ыр саптарында эмнени айткысы келген жана келечекте эмнеге ишенген**? (Талкуулоо)**

## V вариант

***Мүшкүл кабар Бабурду тунжуратып койду. Ал бир маалда кийинип, атына минди. Анын көзүнө гүлдөп турган бак-дарактар, суу толгон мрамор көлчүктөр да муңайып турушкандай көрүндү.*** Булардын баарысын атасы отургузуп курган эле. Эми ал адам бул жерлерге эч качан келбейт. Алмуруттун тигил көчөттөрүн Умаршайх мырза өзү отургуздурган. Азыр ошолор кадимкидей мөмөлөп быша баштаган. Ушулардын баарын эктирген адам эми эч убакта бул мөмөлөрдү татып көрбөйт.

Чарбактан чыгып, таш жолдо бара жатканда Бабур атасын дагы эстей баштады. Бул жолдогу атасы төшөткөн таштар да турат. Алыстан көрүнө турган бийик сепилдерди да атасы курдурган эле. (90 сөз)

**Тапшырмалар:**

1.Берилген текст кайсы чыгармадан алынган? Чыгарманын аты, жанры жана идеялык-тематикасын аныктагыла? **(Билүү)**

2.Тексттеги ажыратылып берилген сүйлөмдөрдөгү баш мүчөлөрдү аныктагыла жана алардын милдетин кайсы сөз түркүмү аткарып жаткандыгын аныктагыла. **(Билүү)**
3.Тексттеги эпизоддо Бабурдун кайсы кабарды уккандагы абалы баяндалган? Ошондо ал кимди эстеди? **(Колдоо).**
4. «*Алмуруттун тигил көчөттөрүн Умаршайх мырза өзү отургуздурган. Азыр ошолор кадимкидей мөмөлөп быша баштаган»*.
Бул сүйлөмдөн айкындооч мүчөлөрдү аныктап, аларды төмөнкү таблица боюнча жайгаштыргыла. **(Колдоо).**

| Аныктооч | Толуктооч | Бышыктооч | Кайсы сөз түркүмү милдетин аткарды? |
|---|---|---|---|
| | | | |

5. *«Ушулардын баарын эктирген адам эми эч убакта бул мөмөлөрдү татып көрбөйт.»*
Мында ким жөнүндө айтылып жатат? Анын тагдыры жөнүндө айтып бергиле. (**Талкуулоо)**